# Даъватчынын амалдары

بسم الله الرحمن الرحيم

Турмушта адамдын пикирин жана убактысын ээлеп алган бир нече проблемалар бар. Адам бул проблемаларды чечүүдө жана алар талап кылган милдеттенмелерди өтөөдө ага ар кыл жолдор менен жандашат.

Эгер биз адам турмушунда жолуккан проблемаларды үйрөнүп чыксак, албетте, бул проблемалар ар түрдүү болуп, алар бири-биринен айырмаланып турарын билебиз. Бул проблемалар адамдагы гарыйзаларга (инстинкттерге) жана узвий кажаттарга (организм муктаждыктарына) байланыштуулугун көрөбүз. Ошондуктан, адамдардын мына ушул проблемалар жөнүндөгү пикирлери бир адам менен башка бир адамдын ортосунда жана бир проблема менен башка бир проблеманын ортосунда айырмаланып турат. Бул айырма адамдардын гарыйзаларга карата болгон көз караштарынын ар түрдүүлүгүнөн келип чыгат. Мисалы, кээде айрым адамдар бако гарыйзасын өзүнүн бардык иш-аракеттерине негиз кылып алат. Бул гарыйзаны негиз кылып алуу болсо, аны башка гарыйзаларга көңүл бурбай коюуга алып барат. Кээ бир адамдар болсо бардык гарыйзаларынын үстүнөн тадайюн гарыйзасын жетекчи кылып коёт. Натыйжада, ал адамды идиреги эмес, балким, тадайюн гарыйзасы үндөгөндүгүн, динде ал өтө катуу умтулуучан болуп, башка гарыйзаларга болсо этибар бербей койгондугун көрөсүз.

Акыйкаттан алганда, адамдардын алакаларын тартиптештирүүчү өкүмдөрдү жана шаръий коидаларды окуп үйрөнүү менен – адамдын кайсы бир гарыйзаны кандырышы башка бир гарыйзалардын эсебинен ишке ашпашы керектиги жана бул нерсе турмуш бизден талап кылган нерселерге туура келери – белгилүү болот. Бирок, ушуну менен бирге, бул жерде тартиптин болушу зарыл. Туура, Алла Субханаху ва Таала ар бир кудуреттүү мусулманга өзүн жана үй-бүлөсүн багуу үчүн кесип кылып эмгектенүүнү парз кылды. Бирок, Алла даъватчыга даъват талап кылган нерселерди ишке ашырууну да парз кылган. Балким, даъваттын башка иштерге салыштырмалуу жетекчи болушун талап кылат жана Алла Таала даъват ишин

шатынын биринчи тепкичине койду. Себеби, исламий мамлекет учун негизги кылына турган иш – бул даъват иши деп белгиледи. Ошондуктан, даъват иши ар бир мусулманга кылына турган иштердин негизгиси болуп белгиленди. Мына Расул Акрам ﷺ айтат: **«Мен адамдар «Ла илаха иллаллоху» дешкенге чейин, алар менен согушууга буюрулдум, алар аны айтышса гана менден кандарын жана малдарын сактап калышат, бирок, Исламдын акысын (сактай алышпайт) жана алардын эсеби Аллага»**. Бул сөз пайгамбарыбыздын мамлекет башчысы болгон кезиндеги абалын көрсөтүп жатат. Ал эми, анын мындан мурунку абалын абасы Абу Талибге айткан сөзү билдирип турат: «**Аллага ант болсун абаке, алар эгер ушул ишти таштышымдын акысына күндү оң ийниме, айды сол ийниме коюп беришсе да, эч качан таштабаймын. Же Алла ушул ишти жүзөгө чыгарат же мен ушул иш жолунда өлөм»**. Тыянактап айтканда, мусулман кыла турган иштер бир максатка алып баруучу ыкмалар болуп, бул максат – Исламга даъват кылуу. Исламга даъват кылуу ар түрдүү көрүнүшкө ээ. Бул көрүнүштөрдүн эң көзгө көрүнүктүү, маанилүүрөөк болгону – амру маъруф, нахий-й мункар. Куран амру-маъруф, нахий-й-мункарды ар кыл сүрөлөрдө көп-көп кайталаган жана Алла амру-маъруф, нахий-й-мункарды ар бир мусулманга парзы айн кылып койду. Буга кошумча, даъват жүгүн көтөрө турган саясий уюмдун болушун Алланын важып кылышы да бул иштин парз экендигин тастыктайт.

Жогорудагылардан маалым болгондой, амру-маъруф, нахий-мункар жана Исламга же исламий турмушту кайрадан баштоого каратылган даъват – булардын баары даъватты жаюудан көздөлгөн натыйжалар. Ушундай болгон соң, көздөлгөн натыйжаларга жетүү үчүн белгилүү бир иштерди кылуу керек. Бул иштер этибарда натыйжалардан кем болбогон иштер. Себеби, натыйжаларга бул иштерсиз жетүү мүмкүн эмес. Бул иштерге келсек, алардын саны абдан көп болуп, төмөндө бул иштерди кыскача баяндап өтөбүз.

**<u>Биринчиден:</u> Исламий милдеттенмелер.**

Даъватчынын эң маанилүү иши – анын Ислам милдеттенмелерине (мажбурияттарына) толугу менен байлануусу. Бул табигый иш. Эгер ал адал-арам өлчөмдөрүнө назик жандашпаса; жана бул өлчөм анын иш планынын негизи, иш-аракеттеринин негизи, пикиринин негизи, кыскасы, турмушунун негизи болбосо, анда даъватчыда маани болбойт. Ушул жерде даъватчыга бул сөздөрдүн тиешеси жок деп эч качан айтылбайт. Мындай делбейт, себеби, даъватчынын мойнундагы важибаттардын эң зарылы – бул бейишке чындап кызыгууну, тозоктон чындап коркууну о.э. Алланын ыраазылыгын көздөөнү сезиши эле эмес, балким – бул сезимди адамдарга өзү тарабынан иш жүзүндө жана пикирий түрдө жеткирүүсү. Бул нерсе качан даъватчынын иш-аракетинде жана сөздөрүндө ошол туура сезим көрүнсө гана мүмкүн болот. Ошондо бул чыныгы сезим анын пикири жана амалынан адамдарга табигый түстө көчүп өтөт.

Качан жигиттер Алланын ыраазылыгын көздөп мына ушул чыныгы сезимге жетишсе, мына ошондо гана алар бул сезим аракетке келтире турган, жанын жана кымбат баалуу нерселерин курман кыла турган үммөттү колго алууга карай алгачкы кадамын таштаган болот. Натыйжада, бул үммөт бүткүл дүйнөгө бакты-таалай, жакшылык жана хидаят-туура жолду жая турган исламий үммөт даражасына жетишет.

**<u>Экинчиден:</u> Курани Каримди тилават кылуу.**

Куран биз бүткүл дүйнөгө сыймыктанып жаткан мабдаънын негизи экендигин айтып олтуруунун кажети деле жок. Ал Алланын түшүргөн сөзү. Биз анын сөздөрү менен ибадат кылабыз. Мындан тышкары, аны окууда үлкөн сооптор бар. Себеби, ал каармандыкты курчутат, өзүнүн мүдөө-максатын «Ла илаха иллаллоху Мухаммадур росулуллох» келмесин бийик кылууга караткан нафс-жандарды даярдайт. Себеби, даъват жүгүн көтөрүүчүдөн көрө оор жүк көтөрүүчү жок. Ушундай болгон соң, адамдардын ичинен Куран тилават кылууга (анын маанисин түшүнүп окууга) эң акылуу адам – бул даъватчы болот. Куран окуганда момунда укмуштай күч-кубат пайда болот: бул күч-кубат суз кимселерди тирилтет жана бул кишилерди бейиш неъматына жетүү үчүн, Алланын

ыраазылыгына жетүү үчүн дүйнөнүн бардык маталарын арзыбас санай турган, кыйынчылыктарды жеңил санай турган жандарга айландырат. Ушундай экен, неге биз Куран окуудан качабыз, андан алыстайбыз. Акыры биз нусрат анык Алладан экендигине, үмүт бир гана Андан экендигине анык ишенебиз го. Анан эмне үчүн биз Куран кубатынан азыктанууга өч болбойбуз. Анын маанилерин терең ой жүгүртүп талдап чыгууга, анын көрсөткөн сызыгында туруугa ашыкпайбыз. Нафсинен алсыздык тапкан даъватчыга Куранды кайра-кайра кайталап окуудан жакшыраак дабаа жок. Куран нечен-нечендеген замандар өтпөсүн, канча-канчалаган кайталоочулар болбосун, эчен ирет кайталанбасын, ал эч качан эскирбейт. Исламий фикрат – жихад маанисин өз ичине алган фикрат. Аны эч качан Исламдан ажыратып болбойт. Курани Карим жихад жоопкерчиликтерин абдан көп көтөргөн. Ошондуктан, Исламий үммөт Исламий фикрат менен кызматташ болгондон бери, ал жихад жана курмандыктар үммөтү болуп келе жатат. Бул түбөлүктүү болгон Алланын Китебинин фазли менен гана болууда. Демек, Куранды тилават кылууда суздук кылуу – Исламий фикратты өзүнө лаазым болгон жихад жана курмандыктар даражасындагы уулу макамынан түшүрүп жиберет.

**<u>Үчүнчүсү:</u> Адамдар менен байланышуу.**

Адамдар менен байланышуу даъватчыдагы жалпы көрүнүш. Мында күмөн жок. Эгер биз адамдар менен байланышпасак, алардагы болуп жаткан мамилелердин үстүндө турбасак, кантип биз өзүбүздү даъватчы деп эсептейбиз. Амру-маруф, нахий-мункар биз аны качан өтөсөк гана т.а. жакшылыкка буюруп, жамандыктан кайтарсак гана ишке ашат. Эгер биз адамдардан алыс болсок, анда Ислам пикирлерин, анын өкүмдөрүн кеңири түшүндүрүү иши кантип ишке ашат? Даъватчы хизбий өсүү менен эле даъватчы атына ээ боло албайт. Себеби, хизбий өсүү баракка жазылган идарий мыйзамга моюн сунат. Балким, өсүүнүн өзү да идарий ишке кирет. Этибар кылына турган нерсе, даъватчы жамаат менен байланышып, аны менен жакшы болушу керек, анын абалынан кабардар болуп, жамааттын туйгуларын, пикирлерин Ислам

пикирлери-өкүмдөрү менен дабалап, туурлашы керек. Куфр жана анын түзүмү менен күрөшүп жаткан адамдын бул күрөштөгү ордун анык билип туруп, жол көрсөткүч алдыңкы адам экендигин эсинен чыгарып, же эстен чыгарууга урунуп жатышын жана майдандан качып бекинип алышын эмне деп түшүнүүгө болот. Биз Ислам даъватынын тарыхынан Ислам фикратын кабыл алгандан кийин адамдардан алыста обочолонуп жашаган бирер адамдын болгонун билбейбиз. Абу Зарр ал-Гифорий ﵁ Ислам фикратын кабыл алды. Пайгамбарыбыз ﷺ аны өз коомуна кайтууга буюрду. Ал Меккеден эки шахадатты Мекке мушриктеринин алдында жарыя айтмайынча кайтууга көнбөдү. Акыры ал айтты жана мушриктердин залимдеринен ага азаптар жетти. Ал Исламдын эки шахадатынан башка нерсени билчү эмес. Албетте, Ислам жамаъий, бүткүл дүйнөлүк мабдаъ, ал шахсий мабдаъ эмес. Мабдаънын табигый турмушу жамааттын ортосунда, бийлик башында, мамлекеттер аралык мамилелер майданында болот. Ал эми, Исламды ибадатканаларга, узлат зулматтарына (обочолонгон турмуш караңгылыктарына) чектөөнү каалап жаткандар – капырлар жана алардын малайлары менен билип-билбей тил бириктиришкендер. Алардын негизги максаттары – Исламды турмуш майданынан четтетүү жана, ал тургай керек болсо, анын бир да нерсесин калтырбоо.

Чындыгында, Хизбут-Тахрир – кылымдар бою Ислам негизинде тикеленген саясий уюмдардын биринчиси. Үмүтүбүз Алла Субаханахунун мына ушул хизбтин колу менен Ислам үммөтүнө өзүнүн улуу нусратын бериши. Буга абдан жөнөкөй жана өтө маанилүү себеп бар. Себеби, хизб Исламды бардык калкка алып чыгууда. Ислам өкүмдөрүн түшүнүп жетүүнүн негизинде райы оммду (массалык көз караштары) даярдоодо. Кимде-ким ушул хизб менен бирге жүрсө, анда ал анын ар бир кадамы жана баскычы менен бирге жүрүшү керек жана өзүндө жамаъий рухту пайда кылышы зарыл. Бул үчүн Исламий фикратты таза-нукуралыгында тунук кылып алуусу жетиштүү. Ал эми, эгер жигиттердин бири адамдардан үзүлүп, ажыралып өзүн четте тутса, анда бул анын Ислам фикратын таза-тунук

албагандыгы. Себеби, узлаттын негизи – коркоктуктун, үмүтсүздүктүн натыйжасы. Башкача айтканда, узлаттын себеби кээде коркоктук, кээде үмүтсүздүк болот. Момун өз дилинде эч кандай коркоктукка же үмүтсүздүккө жол койбошу керек. Үзүргө окшогон башка себептер куру шылтоодон башка нерсе эмес. Кимде-ким үзүрүн көбөйтсө, ал көп жалганга жолугат. Алла сактасын. Даъватчыга хизб Ислам пикирлерин тунук, таза, ачык баян кылып бергенден кийин, анын бул пикирлерди өзүндө калтырып, башкаларга жеткирбей жүрүшүнө эч кандай үзүр жок.

**<u>Төртүнчүдөн:</u> – Муталаа**

Муталаа дегени – хизбий сакофатты өз ичине алган китептерди жана жалпы сакофатты өз ичине алган фикхий же пикирий, саясий китептерди окуу дегени. Кээ бир жигиттерибиз мындай деп сурап калышы мүмкүн «Хизб сакофатын өзү табанний кылган, же өзү басып чыгарган китептерге чектеп койду, жигиттер хизб табанний кылган нерсени гана алышат, ушундай болгон соң, биз эмнеге изденип башка китептерди текшерип, кыйналышыбыз керек?» Бул суроого жооп: биз өзүбүз табанний кылган пикирлерге иш жүзүндө даъват кылуудабыз. Башка нерсеге даъват кылганыбыз жок. Башка жагынан алсак, терең жана жаркын жазылган, табанний кылынган бул китептер окуяларга өкүм берүүдөн башка нерсе эмес. Өкүмдөрдү жаттап алуу жана аны айтып коюунун өзү эле жетиштүү эмес. Себеби, аны өз вокыйсынан ажыратып болбойт. Ооба, хизб китептеринде кээ бир окуяларды чечмелеп-түшүндүрүп берет. Бирок, ал өкүмдөрдү чечмелөө үчүн берилген кыскача гана түшүндүрмө. Бирок, бул түшүндүрмө вокыйлардын түпкү маңызын түшүнүп жетүү үчүн жетиштүү эмес. Башка китептер вокыйды толугу менен чечмелеп-түшүндүрөт. Ошондуктан, аларга кайрылып, окуп чыгуу зарыл. Муну менен хизбий сакофатты түшүнүп жетишибиз тыкан-мыкты болот. Ошон үчүн, көп окуган, көп изденген жигиттер хизб пикирлерин, сакофатын жакшы түшүнүп жетишет.

Башка тараптан айтсак: Адамдарга таасир өткөрө алсам деген киши адамдардагы пикир, түшүнүк жана мазхабтар жөнүндө жетиштүү түшүнүккө ээ болушу керек. Окуп үйрөнүүдө

жакшы насибеге ээ жигитте адамдардын пикирлерине, мамилелерине таасир кыла турган кудурет болот десек аша чапкан болбойбуз. Мисалы, биз «Халифалык түзүмү эч бир түзүмгө окшобой турган, эч бир түзүм да ага окшобогон өзгөчө бир түзүм. Бул түзүм гана адамдардын абалын оңдойт, себеби, бул түзүмдү түшүргөн Зат баарынан билүүчү. Ал зат Алла Таала. Ал эми, демократия түзүмү жана ушул сыяктуу калкып туруучу башка түзүмдөр адамзатты бакытка жеткире албайт. Себеби, бул түзүмдөр куфр түзүмдөрү. Т.а. адамзат өзү ойлоп тапкан түзүмдөр. Адам өзүнө түзүм түзө албагандан кийин, кантип анан адамзатка түзүм түзө алсын, эгер түзсө, диктатурасыз кантип башкаларга карата колдоно алсын» десек, биз хизбий сакофатка чектелип, бул түшүнүктү вокыий эмес, назарий айткан болобуз. Куфр түзүмдөрүн, айрыкча, демократия түзүмүн үйрөнүүбүз, акылды жана дилди байлай турган таасирдүү, иш жүзүндөгү түшүнүктү бизде пайда кылат. Ал тургай, биз мына ушул түзүмдөрдүн бузуктугунан, кудуретсиздигинен, кимде-ким аны карманса, бул түзүм аны бактылуу кыла албашынан иш жүзүндө кабардар болобуз. Бул түзүмдөрдү дүйнөдөгү өкүмдар саясий түзүмдөрдү түшүндүргөн китептер үйрөтөт. Хизбтин китептери мына ушул түзүмдөргө өз өкүмүн гана берди. Бирок, бул түзүмдөрдүн вокыйсын түшүндүрүүгө жете турган даражада кеңири киришкен жок. Хизб табанний кылган шаръий өкүмдөрдүн мужтахид жана фукахалар ортосунда кайчы пикирде болгондору өтө аз болуп, мына ушул мутжахид жана фукахалардын далилдерин текшерүү үчүн үйрөнгөндөн кийин хизбдин сүйөнгөн далилдери эң ишеничтүү болуп чыгууда. Мындай үйрөнүүнүн орду этибарлуу фукахалардын китептери. О.э. даъватчы хизб басып чыгарып жаткан китептерден тышкары, саясийби, фикхийби, же пикирийби, айтор, башка китептерди окуп чыгууга муктаж экендигине ондогон мисалдарды далил кылып келтирүүгө болот. Окуп үйрөнүү идиректи өөрчүтүп, аклиятты өстүрөт, өз ээсин саясий аң-сезимдин алдыңкыларынан кылат демекчи эмеспиз. Балким, даъват окуп-үйрөнүү менен гана пайдалуу, таасирдүү абалда ишке ашат демекчибиз.

**<u>Бешинчиден:</u> Күзөтүү.**

Күзөтүүдөн максат – күндөлүк кабарларды, болуп жаткан окуяларды күзөтүп баруу. Күзөтүү иши окуп-үйрөнүү ишинен башка иш, мейли, аны менен байланышы болсо да. Себеби, күзөтүү, кыска-нуска айтканда, саясий газета-журналдарды окууну, кабарларды угуп барууну жана ушул сыяктууларды өз ичине алат. Кабарларды күзөтүү бул саясаттын алиппеси. Ансыз саясат болбойт. Күзөтүү, же ар дайым кабардар болуп туруу деген сөздөргө көңүлдү өзгөчө бурмакчыбыз. Мунун мааниси: ар дайым кабардар болуп турууну, катуу күзөтүүнү, бир да күн үзүлүп калбоону бирдирет. Себеби, күндөлүк кабарлар бири-бирине бекем байланган узун чынжырга окшойт. Окуя, кабарларды жакшылап, туура түшүнүп жетүү үчүн мына ушул узун чынжырды үзгүлтүксүз күзөтүү шарт, анткени, муну менен окуяларга, кабарларга туура өкүм чыгаруу кудуретине ээ болобуз. Биз бул жерде өз ара мамиле жана өкүмдөрдү колдонуу майданында Исламий фикратты тикелөөдөгү саясий иштин таасирин жана маанисин түшүндүрмөкчү эмеспиз. Себеби, биздин оюбузча, саясий иштин маанисин түшүнүү даражасынан аны ишке ашыруу, анын кыйынчылыгын, жүгүн көтөрүү баскычына алда качан эле өтүп бүткөнбүз. Бирок, биз токтолмокчу болгон нерсе, бул саясий иш жөнүндөгү окуялар жана кабарларды күзөтүүнүн маанилүүлүгүн түшүнүп жетүү. Шексиз, бул кабарларды талдоо өтө маанилүү иш болуп, бул кабарларга өз пикирин билдирүү болсо андан да маанилүүрөөк. Эң маанилүүсү, бул пикирди Ислам дүйнө карашына байланыштырып берүү. Ал эми, булардын баары күндөлүк кабарларды күзөтүү, окуяларды үйрөнүүгө абдан тыгыз байланышта. Окуялар күзөтүүчүнү күтүп турбайт. Ал болуп өтө берет, өз изин калтырып кете берет. Эч ким күзөтпөгөндө да, бизге окуяларды бирме-бир күзөтүп барышыбыз, бир да окуяны билбестен же текшербестен өткөзүп жибербөөгө өч болушубуз важып болот. Окуя-кабарларды жакшылап күзөтпөгөн адам, Алла буйруса жакын калды деп үмүт кылынып жаткан келечектеги окуяларды ишке ашырууга кантип кудуретүү болсун?!. Күзөтүүчөндүк өз ээсин окуялар менен жашай турган кылып коёт. Аны турмуш менен эриш-аркак болуп жашай турган кишиге айлантып коёт. Себеби, ал адам коом жүрөгүндө

жашоого кудуретүү болуп калат. Ал адамдардын кайгысын тең бөлүшөт жана келечекте адамдарды өз айланасына топтой алат, натыйжада, калк ошол адамга өз тизгинин тапшырат. Кабарларды күзөтүү үчүн күндөлүк жергиликтүү гезиттерди окуу же күнүмдүк кабарлар берилген макалаларды угуу жетиштүүбү деген суроонун болушу мүмкүн эмес. Мындай кеп-сөздүн, суроонун болушу мүмкүн эмес. Себеби, бул жерде көңүлдүн чордонунда болуучу нерсе – радио же гезитте болобу, айырмасыз, кабарларды өз булагынан алуу, үйрөнүү. Күнүмдүк гезиттердеги күндөлүк кабарларды окуп коюу эле жетиштүү эмес, бул күзөтүүнүн максатына туура келбейт. Гезит, көптөгөн радио уктуруулар сыяктуу болуп, кабарларды жарыта албайт, кээде мунун тескерисинче болушу мүмкүн. Эң маанилүүсү, биз болуп жаткан окуялардан бейкабар калбашыбыз керек.

**<u>Алтынчысы:</u> Хизбий жоопкерчилик.**

Хизбий мажбурияттар – бул жигиттердин вужудун хизб мухитинде жашап жаткан адам катары сактап тура турган милдеттенмелер. Бул мажбурияттар эң эле беридеги т.а. даъватчынын хизбтен чыгып кетпеши үчүн ишке ашырышы лаазым болгон иштерди көрсөтөт. Ушул мажбурияттын өзүнө гана чектелүү даъватчыдан көздөлгөн максатка туура келбейт. Себеби, бул чектелүү жигитти алсыздыкка, илең-салаңдыкка, аста-секин өзүн-өзү жеп бүтүрүүгө, көбүнчө, хизбтен чыгып кетүүгө чейин алып барат. Демек, бул мажбурияттар жигитти хизбке байлап турган аркандын майда жиптери сыяктуу. Хизбий иштер: апталык, айлык халкалар; аптасына бир зыярат; баракча таркатуу иштери. Бул иштер менен чектелип калуу зыяндуу, ал эми, бул иштерде суздук кылуу болсо даъватка байлап турган акыркы жипти үзүү дегени. Т.а. апталык халкага этибар бербөө, эч болбоду дегенде өз регионунда аптасына бир жолу болсо да зыярат кылбоо, же баракчалар таркатуудан баш тартуу сыяктуу иштер даъватты жеткизүүдөн ажыралуу, четтенүү эле эмес, балким, хизбтин өзүнөн да четтөө, ажыралуу болуп саналат. Мына ушул иштердин кайсы бирине суздук кылган киши алданбасын. Албетте, хизб алардын акысына кандайдыр бир жазаны кабыл кылганы жок. Кээде масъулдар этибарсыз жигиттерди, убаданы калтыргандарды тергебей,

бейкабар калып кетишет. Бирок, Алла Субханаху ва Тааланын көзү бейкабар калбайт, уктабайт. Кээде масъулдар этибарсыздыктын себептерине канааттанып калышат. Бирок, Алла сырларды, дил жашырган нерселерди билип турат.

Мына ушул алты иш: исламий жоопкерчилик, Куран окуу, адамдар менен байланышуу, муталаа, кабарларды күзөтүү, хизбий милдеттенмелер – булар жигиттер өздөрүнө даъватчы деген сыпат туура келиши үчүн ушул иштерди ишке ашырууга жетиштүү этибар бериши керек болгон иштер.

Бул иштерди ишке ашыруу маселеси кыйын-оор маселе эмес, бул иштерди жакшылап ишке ашыруу үчүн ошол амалдардын жоопкерчилиги жигиттерди дүйнө иштерин таштоого мажбурлабайт. Хизб бул иштерди кылууга убакыт белгилеп берди. Мындан жигиттер иш сааттарын азайтсын деген нерсе көздөлгөн жок. Балким, мындан көздөлгөн нерсе – ар бир жигиттин өзү мына ушул иштерди кылсын, нафсин ушуга көнүктүрсүн, көндүрсүн,. Проблеманын баары бир суроодон көрүнөт: Биз даъватты турмушубуздун жана иш-аракетибиздин борборуна коюп алдыкпы?... Кимде-ким даъватты иштеринин, пикирлеринин борборуна койсо, анда аны ушул жүк-мээнетти ишке ашыруудан эч кандай айла-амал буруп жибере албайт. Ал эми, кимде-ким даъватты этибарынын, кам-кайгысынын бороборуна койбосо, шексиз, дүйнө ага тез эле тар болуп, нафси арзыбаган үзүр-шылтоолор менен аны тез эле жолдон азгырат, дини да ушуга окшоп дүйнөнүн түбүнө чөгүп, жок болуп кетүүчү нерселердин катарына аралашып калат.

Алла бизди Анын аманатын көтөрүп, аны өтө жакшы өтөп жүргөндөрдүн катарында кылсын. Албетте, Ал угуп, жооп берүчү Зат. **Омийн**